# Кыргыз Республикасы, Жашыл экономиканы каржылоо программасы – GEFF (KyrSEFF III)

Жайгашкан жери:
Кыргыз Республикасы

Долбоордун номери:
53606

Бизнес сектору:
Финансылык институттар

Эскертүү түрү:
Жеке

Экологиялык категориясы:
FI

Бекитүү датасы:
16-ноябрь, 2022 ж.

Статусу:
**Концепция каралып чыккан**

Долбоордун кыскача документи 2022-жылдын 12-октябрында жаңыртылган

## Долбоордун кыскача баяндамасы

Кыргыз Республикасынын Жашыл экономиканы каржылоо механизмин түзүү - GEFF (KyrSEFF III же Программа).

KyrSEFF III Кыргыз Республикасынын GEFF критерийлерине жооп берген коммерциялык жана турак-жай секторлорундагы жашыл инвестицияларды гендердик негизде кредиттөө максатында алгылыктуу Катышуучу Финансылык Институттарга (КФИ) 50 миллион АКШ долларына чейин каражат берет. Фондду Акционерлердин Атайын Фондунун (ААФ) жана башка донорлордун гранттык каражаттарынын эсебинен колдоого алуу күтүлүүдө. Гранттык каражаттар Финансылык уюмдарга жана субкарыз алуучуларга берилүүчү Техникалык Кызматташтыкты (ТК) каржылоого жана субкарыз алуучуларга инвестициялык стимулдарга жумшалат.

## Долбоордун максаттары

Программа ЕБ, ЕРӨБ жана КФИнин ортосундагы ийгиликтүү жана түптөлгөн өнөктөштүккө негизделет, ошондой эле KyrSEFF I жана II (2013-2022) алкагындагы энергияны үнөмдөөчү инвестициялардын артыкчылыктары жөнүндө коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу, кардарлар менен натыйжалуу байланышуу жана инвестициялык каналдарды колдонуу менен, жана аялдардын жашыл финансыга жана технологияга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү артыкчылыктуу милдеттерине жооп берүүгө негизделген.

ЕРӨБ инвестицияларынан түшкөн каражаттар жашыл экономикага, анын ичинде энергиянын натыйжалуулугун, кайра жаралуучу энергия булактарын, ресурстарды үнөмдөө, калдыксыз экономика жана климаттын туруктуулугун инвестициялоо чараларын кошкондо, бирок алар менен чектелбестен, жашыл экономикага инвестициялоочу аялдарга жана эркектерге субкарыз алуучуларга насыя берүү үчүн жарамдуу КФИлар тарабынан пайдаланылат. Каражаттар ошондой эле Кыргыз Республикасы үчүн Жашыл технология селектору камтылган тиешелүү материалдарды жана жабдууларды берүүчүлөргө жана өндүрүүчүлөргө берилиши мүмкүн.

## Өткөөл процесстин таасири

KyrSEFF III программасы өлкөнүн курчап турган чөйрөнү булгоонун көмүртек сыйымдуу, климаттык жактан алсыз жана/же экологиялык жактан зыяндуу жолуна түшүүсүн алдын алуу менен Кыргыз Республикасында экологиялык туруктуу, аз көмүртектүү жана климатка туруктуу экономикага өтүүсүнө өбөлгө түзөт. Буга финансылык ортомчуларга жогорку натыйжалуу технологияларды жана климаттын өзгөрүшүн азайтуу жана адаптациялоо боюнча чечимдерди каржылоо жана ноу-хау менен жетишүү күтүлүүдө.

Бул механизм бизнес моделинде жана КФИнин өнүмдөрүн ассортиментинде өзгөрүүлөрдү талап кылат. Ал, айрыкча, финансылык ортомчуларды климаттын өзгөрүшүн азайтуу жана адаптациялоо иш-аракеттерине инвестициялоо үчүн колдонууга, ошондой эле финансылык институттар жана компаниялар тарабынан финансылык эмес маалыматтарды ачыкка чыгарууга кысымды күчөткөн жаңы эл аралык стандарттарды жана эрежелерди эске алуу менен, ошондой эле операцияларды жана портфелдерди Париж келишимине ылайык келтирүү жагына өзгөртүү зарылчылыгына оң таасирин тийгизет.

## Кардар маалыматы

Аталган Программа Кыргыз Республикасында иш алып барган Банктар жана банктык эмес насыя мекемелери сыяктуу өнөктөш финансылык мекемелерге да жеткиликтүү болот.

## ЕРӨБ Каржылоосу

USD 50,000,000.00

ЕРӨБ Кыргыз Республикасындагы алгылыктуу Катышуучу Финансылык Институттарга (КФИ) 50 миллион АКШ долларына чейин карыздык каржылоону берет. Бул каржылоо улуттук жана эркин конвертацияланууучу валютада берилет.

## Долбоордун жалпы баасы

USD 50,000,000.00

50 миллион доллар карыздык каржылоо жана Акционерлердин атайын фондунан (ААФ) жана потенциалдуу башка донорлордон 8,2 миллион евро өлчөмүндөгү грант, анын 3,2 миллион евросу техникалык жардамга жана 5 миллион евросу алгылыктуу субкарызчыларга дем берүүчү гранттарды төлөөгө жумшалат.

## Кошумча нарк

Кошумчалоо төмөнкүлөрдү айкалыштыруу аркылуу ишке ашат: (i) инновациялык каржылоо структуралары жана инструменттери; (ii) стандарттарды түзүү жана (iii) билим, инновация жана потенциалды жогорулатуу.

## Экологиялык жана социалдык сереп

Банктын иштеп жаткан кардарлары болуп саналган КФИлер ЕРӨБнун финансылык институттарга карата колдонулуучу экологиялык жана социалдык коргоо талаптары менен мурдатан тааныш деп болжолдонууда. Бул түзүмгө ылайык жаңы КФИлер экологиялык жана социалдык текшерүү боюнча анкета толтурушу керек, ал Экологиялык коопсуздукту текшерүү бөлүмүнө (ЭКБ) кароого берилет. Бул объекттин алкагында каржыланган бенефициарлар экологиялык, ден соолук жана коопсуздук боюнча улуттук талаптарды, эмгек стандарттарын жана зарыл болгон учурда кайра жаралуучу энергия долбоорлору үчүн экологиялык талаптарга жооп бериши керек, ошондой эле ГЭФтин Саясат декларациясына ылайык ГЭФтин башка талаптарга жооп бериши керек. Күн энергиясына болгон ар кандай инвестиция күн энергиясын башкаруу ыкмасына шайкеш келиши керек. Бул КФИге ЕРӨБтон тартылган фонддун консультанты тарабынан тастыкталат. Алкактагы бардык КФИлерге ЕРӨБнүн 2, 4 жана 9-Талаптарына ылайык иш алып баруусу, ЕРӨБ микро, чакан жана орто ишканалар жана корпоративдик кредиттер үчүн экологиялык тобокелдиктерди башкаруу жол-жоболорун жана ипотекалык кредиттөө үчүн ЕРӨБ экологиялык тобокелдиктерди башкаруу жол-жоболорун кабыл алышы жана ишке ашыруусу талап кылынат, жана Банкка жыл сайын экологиялык жана социалдык отчеттуулукту, анын ичинде суб-долбоорлор жана алардын ГЭФтин пайдалары боюнча отчетту берүүгө зарыл. Алкактык программадагы суб-операциялар ЭКБ тарабынан каралат.

## Техникалык кызматташуу жана гранттык каржылоо

Фонддун жалпы иштешине көзөмөл жүргүзүү, субдолбоорлорду иштеп чыгуу, карап чыгуу жана бекитүү жана ЕРӨБдүн Фонддун максаттарына жетүүсүнө жардам берүүчү башка кызмат көрсөтүүлөр үчүн Фонддун консультантын (ФК) тартуу үчүн 3,2 млн.евро өлчөмүндөгү Техникалык кызматташтык пакети (ТК) тарабынан колдоого алынат. Бул төмөнкү иш-чараларды камтыйт: i) Кыргыз Республикасындагы ГЭТке инвестициялар үчүн финансылык ортомчулукту жогорулатуу, ii) белгиленген талаптарга жооп берген технологиялардын кеңири спектри боюнча долбоорлорду баалоодо КФИнин квалификациясын жогорулатуу, iii) "жашыл" технологияларга жана кызмат көрсөтүүлөргө артыкчылыктуу инвестициялоо үчүн жеке сектордун маалымдуулугун жогорулатуу жана потенциалын жогорулатуу, жана андан ары кредиттик операцияларда гендердик аспектилерди эсепке алуу. ТКга кеткен чыгымдар Акционерлердин атайын фонду (ААФ) жана башка донорлор тарабынан каржыланат.

## Банк менен байланыш үчүн маалымат

Айнура Гуппи
guppya@ebrd.com
+442007558
+442007558
www.ebrd.com
EBRD, 5 Bank Street Canary Wharf London E14 4BG United Kingdom
ЕРӨБ, 5 Банк көчөсү Канар Уорф Лондон E14 4BG, Бириккен Падышалык

## Долбоордун кыскача документтеринин акыркы жаңыртылган датасы

12-октябрь, 2022 ж.

## Өткөөлдү түшүнүү

Өткөөл мезгилдин таасирин өлчөөгө ЕРӨБ мамилеси тууралуу кошумча маалыматты бул жерден көрсө болот here.

## Бизнес мүмкүнчүлүктөрү

Бизнес мүмкүнчүлүктөрү же сатып алуулар үчүн, кардар компания менен байланышкыла.

ЕРӨБ менен бизнес мүмкүнчүлүктөрү үчүн (сатып алууларга тиешеси жок болгон маселелер боюнча) байланышыңыз:

Tel: +44 20 7338 7168
Email: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор үчүн ЕРӨБ Сатып алуулар баракчасына барыңыз EBRD Procurement:

Tel: +44 20 7338 6794
Email: procurement@ebrd.com

## Жалпы суроолор

Конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБ суроо формасы аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн EBRD Enquiries form.

## Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭСС ESP жана ага тиешелүү Аткаруу талаптары (АТ) ЕРӨБ "экологиялык жактан таза жана туруктуу өнүгүүгө" көмөк көрсөтүү боюнча милдеттенмесин аткаруунун жолдорун аныктайт. ЭСС жана АТ кардарларга тиешелүү улуттук коомдук маалымат жана консультация талаптарын аткаруу үчүн атайын жоболорду камтыйт. Ал ошондой эле кызыкдар тараптардын тынчсыздануусун жана даттануулярын кабыл алуу жана чечүүгө көмөктөшүү үчүн даттанууларды кароо механизмин түзүү жөнүндө маалыматты камтыйт, атап айтканда, Кардардын жана Долбоордун экологиялык жана социалдык ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелерди. Долбоордун экологиялык жана социалдык тобокелдигинин жана таасиринин мүнөзүнө жана көлөмүнө жараша, ЕРӨБ кошумча түрдө өз кардарларынан долбоорлордон келип чыккан тобокелдиктер жана таасирлер жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарууну же кызыкдар тараптар менен конструктивдүү консультацияларды, алардын пикири жана аларга жооп жүргүзүүнү талап кылат.

Бул жагынан ЕРӨБ практикасы боюнча кененирээк маалымат ESP де келтирилген.

## Ак ниеттүүлүк жана шайкештик

ЕРӨБ Башкы көзөмөлчү кеңсеси (ОССО) жакшы башкарууга көмөктөшөт жана эң жогорку эл аралык тажрыйбага ылайык, Банктын бардык ишмердүүлүгүндө ак ниеттүүлүктүн эң жогорку стандарттары колдонулушун камсыздайт. Банктын бардык кардарлары долбоорлор Банк үчүн жол берилгис бүтүндүк же репутациялык тобокелдиктерди туудурбашы үчүн тийиштүү экспертизадан өтүшөт. Долбоорду баалоо процессин бекитүү этаптарында көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү Банктын ишинин бүтүндүгүн камсыз кылуунун эң эффективдүү жолу болуп саналат деп эсептейт. ОССО бул жактоо аракеттеринде негизги ролду ойнойт, ошондой эле инвестициялоодон кийин долбоорлордогу бүтүндүктүн тобокелдиктерин көзөмөлдөөгө жардам берет.

ОССО ошондой эле ЕРӨБ каржылаган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзам бузуулар боюнча айыптоолорду иликтөөгө жооптуу. Банктын ичинде же тышында алдамчылыкка же коррупцияга шектелген ар бир адам compliance@ebrd.com дареги боюнча Башкы көзөмөлчүгө жазуу жүзүндө отчет бериши керек. Алынган бардык отчеттор кийинки текшерүү үчүн ОССОго жөнөтүлөт. Бардык билдирүүлөр, анын ичинде анонимдүү билдирүүлөр каралат. Билдирүүлөр Банктын же Банк иш алып барган өлкөлөрдүн каалаган тилинде жүргүзүлүшү мүмкүн. Берилген маалымат ак ниеттүү болушу керек.

## Маалымат алуу саясаты (МАС)

ЕРӨБтын МАСы 2020-жылдын 1-январында күчүнө киргенден кийин анын стратегиялары, саясаттары жана операциялары жөнүндө жакшыраак маалымдоого жана түшүнүүгө көмөктөшүү үчүн ЕРӨБ маалыматты кантип ачып берерин жана анын кызыкдар тараптары менен консультацияларды кантип өткөрөрүн аныктайт. ЕРӨБ веб-сайтынан кандай маалымат бар экендигин билүү үчүн "Маалымат саясатына жетүү" Access to Information Policy барагына өтүңүз.

Маалымат үчүн конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБ суроо формасын EBRD Enquiries form колдонуу менен берилиши мүмкүн

Көз карандысыз долбоордун отчеттуулук механизми (ИПАМ)

Эгерде Кардар же Банк менен экологиялык, социалдык же коомчулукка ачыкка чыгаруу маселелерин чечүү аракеттери ийгиликсиз болсо (мисалы, Кардардын Долбоор деңгээлиндеги даттануу механизми аркылуу же Банктын жетекчилиги менен түздөн-түз иштешүү аркылуу), жеке адамдар жана уюмдар өздөрүнүн тынчсыздануусун ЕРӨБдүн Көз карандысыз долбоордун отчеттуулук механизми аркылуу алардын көйгөйлөрүн чечүү үчүн аракет кылышы мүмкүн.

ИПАМ Долбоордун зыян келтирген (же алып келиши мүмкүн) маселелерин өз алдынча карап чыгат. Механизмдин максаты: экологиялык, социалдык жана коомчулукка ачыктоо маселелерин чечүү үчүн Долбоордун кызыкдар тараптарынын ортосундагы диалогду колдоо; Банк өзүнүн Экологиялык жана социалдык саясатын Environmental and Social Policy же маалыматка жетүү саясатынын Долбоордун спецификалык жоболорун сактагандыгын аныктоо Access to Information Policy; жана зарыл болгон учурда, Банк тарабынан келечекте сакталбоого жол бербөө менен бирге, ушул саясаттарга болгон бардык ылайык келбегендиктерди жоюу.

ИПАМ жана анын мандаты жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн Долбоордун Көз карандысыз Механизминин веб-баракчасына барыңыз Independent Project Accountability Mechanism webpage ; суроо-талапты кантип тапшыруу керек экенин бул жерден таба аласыз submit a Request же көбүрөөк маалымат алуу үчүн ipam@ebrd.com электрондук почтасы аркылуу байланышыңыз.